УДК 378.02:372.8 (575.2) (04)

ЖОЖДО КЫРГЫЗ ТИЛИН ЭКИНЧИ ТИЛ КАТАРЫ ҮЙРӨТҮҮДӨ САБАКТЫ КОММУНИКАТИВДИК БАГЫТТА ТҮЗҮҮ МАСЕЛЕСИ

К.А. Биялиев – филология илимдеринин кандидаты, доценти

Рассматривается проблема преподавания кыргызского языка как второго или иностранного, а также проблемы преподавания кыргызского языка коммуникативным методом на занятиях в вузе, дан примерный образец.

Ключевые слова: методика, коммуникативный метод, содержание обучения, принципы обучения.

Жогорку профессионалдык билим берүү стандарттарынын жыйнагында [Рыскулуева, 2004] көрсөтүлгөн талаптарга ылайык Кыргызстан-Россия Славян университетинде кыргыз тили экинчи тил катары курсунун билим берүү жана тарбиялоо максаты менен милдеттери жалпысынан төмөнкүдөй аныкталган: күндөлүк турмуш-тиричилик кырдаалдарында, билим берүү системасында жана кесиптик чөйрөдө (чектелген лексиканын негизинде) коммуникативдик компетенцияны калыптандыруу, башкача айтканда, кеп ишмердигинин рецепциялык жана продукциялык түрлөрүндөгү керектүү билгичтиктер менен көндүмдөрдү калыптандыруу; кыргыз тилинде маектешүү маданиятын өстүрүү жана кыргыз элинин рухий дөөлөттөрүн ыйык тутуу, тилдик жана өлкө таануу материалынын негизинде студенттин инсан катары маданий жана интеллектуалдык деңгээлинин өсүшүн камсыз кылуу.

Бир нече жыл катары менен апробациядан утур өткөрүлүп түзөтүлгөн материалдар окутуунун мазмунун аныктап, тактоого негиз түздү. Алар, негизинен, "Кыргыз тили: Жогорку окуу жайларындагы башка улуттардын студенттери үчүн окуу китеби" [Биялиев, 2002] деп аталган окуу китебине киргизилген. Окутуунун мазмунуна аталган окуу китебинде камтылган төмөнкүлөр киргизилди: а) маектешүүнүн чөйрөлөрү, кырдаалдары жана темалары; б) фонетикалык, лексикалык, грамматикалык, өлкө таануу, лингвистикалык өлкө таануу материалдарын өзүнө камтыган жана маектешүүгө негиз түзгөн тексттер; в) маектешүүнүн белгиленген чөйрөлөрүндө жана кырдаалдарында зарыл болгон билимдер, билгичтиктер менен көндүмдөр; г) адаптацияланган жана адаптацияланбаган тексттерди которуу билгичтиги менен көндүмдөрү.

КРСУда каралган (288 саат) сааттар боюнча окутулган студент окутуу аяктагандан кийин "Жалпы европалык классификация" боюнча эң жөнөкөй жана тилди эркин колдонуу деңгээлинин биринчи тепкичиндеги билимдерге, билгичтик менен көндүмдөргө ээ болууга тийиш. Чечмелеп келгенде, студент конкреттүү кеп кырдаалында тааныш болгон айтымдар менен фразаларды угуп түшүнүп, аларды өз кебинде колдонууга тийиш: ал бирөөлөр менен таанышып, башка адамдарды бири-бирине тааныштырып, жашаган жери, окуусу, иши, ата-энеси, туугандары жөнүндө айтып берип, ар кандай маалыматтардын деталдарын тактап, ал үчүн түшүнүксүз болгон жерлерин кайра сурап билип, айтылган пикирлер менен макул болуп же ага каршылыгын билдирип, күмөн санап, таң калып, колдоо көрсөтүп, тыюу салып, бир нерсени сунуштап, сунуштардан баш тартып; ыраазычылыгын, нааразычылыгын жана көптөгөн башка интенцияларды кеп аркылуу турмушка ашырууга жөндөмдүү болууга тийиш. Андан тышкары ЖОЖдогу кыргыз тилин окутуу курсун бүтүргөн студент иш кагаздарын, анын ичинде арыздардын, анкеталардын, көрсөтмөлөрдүн, буйруктардын, протоколдордун, актылардын, баяндама жазуулардын, эмгек жана соода контрактылардын, кызматтык нускамалардын, маалымдамалардын, ишеним каттардын түрлөрүн, өмүр баян, тил кат, ишеним кат, резюме сыяктуу иш кагаздарын жаза билүүгө тийиш. Окутуу курсунун аягында студент окуунун, анын ичинде таанышуу, бир нерсени издеп табуу, өздөштүрүү

максатында окууларга үйрөнүп, кыргыз тилинен орус тилине жеңилдетилген (адаптацияланган) жана жеңилдетилбеген (адаптацияланбаган) тексттерди андан аркы аннотациялоо же кыскача мазмунун айтып берүү максатында которууга, анча татаал болбогон, аннотациялык пландагы тексттерди орус тилинен кыргыз тилине которууга кудурети жетиши керек. 288 саатка ылайыкталган кыргыз тили курсунун алдында окулуп жаткан эмгектин автору тарабынан жогоруда көрсөтүлгөн максат коюлган. Мындай максатка жетишүү үчүн төмөнкүдөй милдеттер аткарылууга пландаштырылган: а) жөнөкөйдөн татаалга, белгилүү нерселерден белгисиз нерселерге, сандык өзгөрүүлөрдөн сапаттык өзгөрүүлөргө карай ж.б. жалпы дидактикалык принциптерди колдонуп, окутуу материалын студент тарабынан өздөштүрүүгө жеңил жана логикалык жактан ырааттуу кылып, маектешүүнүн күндөлүк кырдаалдарында сүйлөшүүгө үйрөтүү; б) маанилүү деп тандалып алынган маектешүү кырдаалдарына карата коммуникативдик багытта кыргыз тилинде кеп ишмердигинин рецепциялык жана продукциялык түрлөрүнө окутуунун технологиясын иштеп чыгуу; в) лексикалык жана социомаданий материалды грамматикалык материал менен интеграциялоо жана грамматиканы кептик коммуникацияга “баш ийдирүү”; г) студенттин негизги адистигине байланыштуу сабактарга терс таасирин тийгизбегендей кылып, кыргыз тили сабагынын өздөштүрүлчү материалынын көлөмүн байкоо жүргүзүү жана эксперимент аркылуу туура аныктоо; д) студенттердин билимдерин жана өздөштүрүү процессинин натыйжалуулугун көзөмөлгө алуунун натыйжалуу чараларын иштеп чыгуу; ж) көзөмөлдөөнүн натыйжаларына ылайык окутуу процессине керектүү өзгөртүүлөрдү жана түзөтүүлөрдү киргизүү.

Сунуш кылынган методика боюнча өткөрүлгөн окутуу процессинин өзгөчөлүгүн бир сабактын мисалында ачууга аракет жасайлы.

Экинчи же чет тилин үйрөтүү методикасында сабактардын түрлөрү негизинен үч типке бөлүнгөндүгүн көрө алабыз [Щукин 2003: 256–275]. Сабактардын биринчи тибине маектешүү каражаттарын өздөштүрүү боюнча сабактар, экинчи тибине – маектешүү ишмердигин өздөштүрүү, үчүнчү тибине – мурда аталган сабактардын эки тибинин комбинациясы болгон сабактар кирет. Биринчи типтеги сабактарда тилди практикалык колдонуунун лингвистикалык базасы калыптанып, фонетикалык, лексикалык, грамматикалык, социомаданий жана өлкө таануу билимдери пайда болот. Бул билимдер менен кошо кептик көндүмдөр да калыптанат, алардын ичинде – фонетикалык, лексикалык жана грамматикалык көндүмдөр. Экинчи типтеги сабактарда маектешүүнүн рецепциялык жана продукциялык ишмердиктери өздөштүрүлөт. Бул сабактарда уга билүү, жазуу, сүйлөө, окуу жана которуу билгичтиктери калыптанат. Сабактардын үчүнчү тиби же б.а., комбинацияланган сабактар тил үйрөтүү практикасында үстөмдүк кылат.

Биз да окутуу процессинде сабактардын үчүнчү тибин кеңири колдонобуз. Мисалы, сунуш кылынган окуу китеби боюнча “Адамдын тышкы келбети жана мүнөзү” деп аталган тогузунчу теманы [караңыз: Биялиев 2002: 25–27] өтүүдө, сабак мындайча башталат. Сабактын башында уюштуруу моменти орун алат. Сабак айдын жана жуманын кайсы күнүнө туш келгендиги, аба-ырайынын абалы, сабакка катышпай калган студенттердин аты-жөнү, себеби, үй-тапшырмасы такталат. Андан соң окутуучу тарабынан сабактын максаты (“Үй-бүлөм” темасынын тегерегинде маек курууга үйрөнүү, керектүү көндүмдөр менен билгичтиктерди бышыктоо жана “Адамдын тышкы келбети жана мүнөзү” темасына тиешелүү тил каражаттарын өздөштүрүү) айтылат.

Сабактын биринчи бөлүгүндө көбүнчө өтүлгөн тема бышыкталып, андан соң жаңы тема өтүлөт. Мына ушундай планга ылайык студенттер өтүлгөн тема (“Үй-бүлөм”) боюнча өз алдынча түзүлгөн жана мурунку сабакта окутуучу тарабынан текшерилген тексттерин айтып беришет. Студент тексттин айтып бергенден кийин окутуучу башка студенттерге жана үй-бүлөсү жөнүндө айтып берген студенттин өзүнө төмөнкүдөй суроолор же талаптар менен кайрылышы мүмкүн: “*Урматтуу студенттер, сиздер Денистин үй-бүлөсү жөнүндө айтып бергенин толук түшүндүңүздөрбү?*” “*Кайсы жери түшүнүксүз болуп калды?*”, “*Марина, Денистин үй-бүлөсү канча кишиден турат экен?*”, “*Светлана, Ольга Денистин эжесиби же карындашыбы?*”, “*Олег, Денистин үй-бүлөсүндө ким экономист?*”, “*Денис, Олег туура жооп бердиби?*”, «*Жанна, эми сиз өзүңүз Дениске суроо бериңиз! ... Кайсы суроо бererиңизди билбей жатасызбы? Суроолордун баарын берип коюштубу? Анда Денистен кыргызча сураңыз: “Есть еще экономисты среди ваших родственников?” Жанна, Денистин эжеси моделдик агенттикте иштейт экен, туурабы? Мен билем, сиз*

да модель болгуңуз келет. Ошон үчүн Денистен сураныңыз, сизди эжеси менен тааныштырсын!»

Мына ушундай суроолор аркылуу студенттердин уга билүү көндүмдөрү жана билгичиктери калыптанат. Студенттер туура эмес интонацияны колдонсо, орфоэпиялык каталарды кетирсе, айтууда кыйынчылыктарды туудурган "К", "Г", "Ж", "Ө", "Ү", "Ў" тыбыштарын туура эмес айтышса, окутуучу ката кетирилген сүйлөмдү, сөз айкашын, сөздү туура айтып, студенттерге кайталатат. Ошону менен бирге студенттердин коммуникативдик компетенциясы да жаралып өркүндөйт. Алар маалымат алууга, бир нерсени тактоого, сурануугa, өз пикирин билдирүүгө жана башка каалоо-ниетин вербалдык түрдө (сүйлөп) билдирүүгө үйрөнүшөт.

Албетте, студенттер үй-бүлөсү жөнүндө айтып берердин алдында алар текст түзүү жана аны кагаз бетине түшүрүү иштерин аткарышкан. Бул иш мурунку сабакта окутуучу тарабынан текшерилген. Окуу китебинде "Үй-бүлөм" темасынына тиешелүү 1-көнүгүүдө мындай тапшырма берилген: "Үй-бүлөңөр жөнүндө жазгыла, таандык мүчөлөрдү туура колдонгула. Үй-бүлөңөр чакан болсо, башка жакын туугандарыңарды да текстке кошкула". Студенттер түзүлгөн тексттерин бир сүйлөмдөн окушкан. Окутуучу ар бир сүйлөмдү угуп, текстте орун алган орфоэпиялык, орфографиялык, грамматикалык, стилистикалык каталарды бирде өзү белгилесе, бирде башка студенттерди текстти кунт коюп угушун талап кылып, аларга же текстин окуп жаткан студентке оңдоттурган. Бул ишти аткарууда апроксимация принциби жетекке алынган.

Бул принципке ылайык окутуунун баштапкы этабында одоно, коммуникациянын өтүшүнө тоскоолдук кылган каталар баса белгиленип, оңдолушу керек. Студентти утур-утур токтотуп, майда каталардын бардыгын тең оңдой берүүнүн кажети жок. Эгерде сабакта ар бир майда ката кеңири талдана турган болсо, анда студенттин тил өздөштүрүүгө болгон ишеничи төмөндөп олтуруп, биротоло жоголуп кетиши да мүмкүн. Студенттер көпчүлүк учурда аналогия принциби боюнча башка бирөөнүн текстиндеги ката талданып жаткан учурда, өзүнүн текстинен окшош каталарды өз алдынча таап, аларды жойгонго аракеттенет. Майда каталарды окутуунун кийинки этабында, студент анча-мында сүйлөп калганда, "мен сүйлөй алат экенмин, тилди өздөштүрсө болот экен" деген анын ишеничи пайда болгондон кийин оңдосо болот.

Студент үй-бүлөсү жөнүндө текстин окуп жаткан учурда, окутуучу өзгөчө кызыктуу маалыматтарды камтыган сүйлөмдөрдү башка студенттерге оозеки котортот. Студент текстти окуп бүткөндө, окутуучу башка бир студенттен тексттин мазмунун кыскача орус тилинде айтып берүүнү суранат. Эгерде студент айрым жерлерин түшүнбөй калса, анда окутуучу тексттеги так ошол сүйлөмдөрдү тексттин ээсине кайрадан окутат жана студентке котортот. Мындай көнүгүүлөрдүн мааниси өтө зор. Студенттер сүйлөшүү темасына тиешелүү сөздөрдү (алар окуу китебинде темалык лексика катары берилген): *ата-баба, ата, апа, чоң ата, чоң эне, байке, ага, эже, ини, карындаш, сиңди, жеңе, жезде, бажа, тай ата, тай эне, таажеңе, таажезде, жээн, бөлө, кайын ата, кайын эне, кайнага, небере, чөбүрө, аял, күйө, жесир, бойдок, үйлөнгөн, өгөй, өгөй ата, өгөй эне, тууган, турмуш курган, ажырашкан* жана башкаларды дептерине көчүрүп, маанисин окуу китебинин аягындагы кош тилдүү сөздүктөн таап [караңыз: Биялиев 2002: 261–270], аларды активдүү түрдө, бөлөк-бөлөк эмес, сөз айкашынын, сүйлөмдүн курамында колдонууга үйрөнүшөт. Албетте, алардын сөз айкашында жана сүйлөмдүн курамында айкашуу касиеттери ушул сөздөрдүн грамматикалык касиеттерине баш иет. Мына ушул сөздөрдү сүйлөмдө субъектилик же объектилик мааниде колдонууда каталар кетирилсе, мисалы студент "*Атамдын эки иниси бар*" деген сүйлөмдүн ордуна "*Атам эки иниси бар*" сүйлөмүн түзсө, анда окутуучу зат атоочтун жөндөмө категориясын башынан аяк экспликациялык (ачык) түрдө окутпай, "*Кимдин эки иниси бар, кимдин?*" деп, илик жөндөмөнүн "*-дын, (-дин, -дун, -дүн, -тын, -тин, -тун, -түн)*" уланды мүчөсүн баса белгилеп, студент өзү ката кетирилген сөздүн туура формасын тапкыдай кылып, бул грамматикалык категорияны импликациялык түрдө үйрөтөт. "*Эжемден жездем эки жаш улуу*" деген сүйлөмдүн ордуна "*Эжемге жездем эки жаш улуу*" сүйлөмү түзүлүп калса, аны да так ушундай ыкма менен: "*Кимден жездем эки жаш улуу, кимден?*" деген суроо аркылуу студенттин өзүнө катасын оңдотот. Мына ушул ыкманы колдонуп, башка сөз түркүмдөрүнүн грамматикалык касиеттери импликациялык түрдө үйрөтүлөт. Бирок үчүнчү главада белгиленгендей, баары бир сөз түркүмдөрү тууралуу студенттин системалык түшүнүгү калыптанууга тийиш. Бул түшүнүктүн пайда болушуна сунуш кылынган окуу китебинде кыскача грамматикалык маалымдагыч чоң жардам берет. Ал фонетикадан тартып, та-

таал сүйлөмдүн синтаксисин да өзүнө камтыйт [караңыз: Биялиев 2002: 194–259].

Өз алдынча текст түзүү (“Үй-бүлөм” текстин жазуу түрүндө түзүү) иши кеп ишмердигинин продукциялык, б.а., жазуу түрүн калыптандырат. Бул иш аркылуу студенттер орфографиялык гана эрежелерди эмес, орфоэпиялык эрежелерди да кошо өздөштүрүшөт. Анткени сөздөрдүн жазылышы менен айтылышынын ортосундагы айырмачылыктарды окутуучунун жардамы менен иликтегенге мүмкүнчүлүк алышат.

Сабактын экинчи бөлүгүндө “Адамдын тышкы келбети жана мүнөзү” деп аталган жаңы сүйлөшүү темасына киришүүдө башында үй тапшырмасы катары берилген темалык лексиканын дептерге көчүрүлүшү, окуу китебинин аягындагы кош тилдүү сөздүктөн сөздөрдүн маанилеринин табылгандыгы текшерилет [караңыз: Биялиев 2002: 25]. Андан соң “Парктагы маектешүү” диалогу тасмадан угузулат. Тасмадан угузулгандан кийин студенттер кезеги менен ар бир репликаны окушат. Орфоэпиялык эрежелер бузулса, окутуучу сөздөрдүн туура айтылышын баса белгилеп, кайрадан ошол сөздү же сүйлөмдү толугу менен студентке окутат. Андан соң студент окуган сүйлөмүн которгонго аракет кылат. Эми мына ушул диалогду келтирели:

Мира:	Сен экөөбүз эки башка окуу жайларында окуйбуз. Университетте баштаган альбомуң барбы?
Жылдыз:	Жок. Сеники жаныңда барбы?
Мира:	Ооба. Азыр көрсөтөм.
Жылдыз:	Сүрөттөрүң аябай көп экен. Сен окубай эле сүрөттөргө түшүп жүрө бергенсиң го?
Мира:	Бул деген эстелик да! Сен картайып кемшиңдеген кемпир болгондо, эмнени эстейсиң? Менин, жок дегенде, сүрөттөрүм бар.
Жылдыз:	Тамашалайм. Кана, баштайлы! Биринчи сүрөттө узун бойлуу, арык чырай, кара тике чачтуу, сымбаттуу, кең далылуу, кырдач мурун жигит ким? Менимче, сен ага ашыксың!
Мира:	Жаңылдың! Бул менин бөлөм – Асылбек. Ал абдан акылдуу, токтоо, тыкан, ыймандуу жана эмгекчил.
Жылдыз:	Өтө эле мактап салдың го? Андай адамдар индиялык кинолордо гана болот. Бөлөңдүн жанындагы сулуу, орто бойлуу, арык, сары узун чачтуу, көзү көк, өтө назик көрүнгөн кыз ким?
Мира:	Деканыбыздын кызы – Олеся. Ал тырышчаак, кичи пейил, жароокер кыз.
Жылдыз:	Бул жигит ким? Өзү дарбыздай тоголок, жапалдаш бойлуу, быйпык мурун, делкең кулак, буттары кыска неме экен.
Мира:	Бул биздин эң шайыр жигитибиз. Ал аябай куудул, тамашакөй, бат тил табышкан, чечкиндүү, бирок аябай кекчил. Өзү тууралуу тамашаларды жаман көрөт
Жылдыз:	Булчу, упузун, арык, чачы тармал, кара тору, мурду жазы бала ким? Улуту кыргызбы?
Мира:	Бул Эмил. Кыргыз. Өзү аябай жалкоо, коркок, таарынчаак, бирок баскетбол жакшы ойнойт. Дагы бир жакшы жери – аябай жакшы ырдайт. Үнү жагымдуу.

Мына ушундай диалогдорду окутуу жана котортуу аркылуу окутуучу студенттердин окуу көндүмдөрү менен билгичтиктерин өркүндөтөт. Бул иш жат жазууну жазууда, кыргызчадан орусчага жана орусчадан кыргызчага которууда абдан пайдалуу. Андан тышкары котормо иши аркылуу импликациялык (жашыруун) түрдө эки тилдин грамматикалык системалары салыштырылып, сүйлөмдөгү баш жана айкындооч мүчөлөрдүн сүйлөмдөгү орун тартиби үйрөтүлүп, сөздөрдүн айкашуу касиеттери да окутулат.

Бул диалог окулуп, которулгандан кийин окутуучу окуу китебиндеги 1-көнүгүүнү үй тапшырмасы катары берет [караңыз: Биялиев 2002: 27]. Андагы тапшырма мындай: "*Үй-бүлөңөрдү, жакын тууганыңарды мүнөздөп бергиле (4–5 адамды). Мүнөздөмөнү кагаз бетине түшүргүлө. Мүнөздөп жатып, сын атоочтун салыштырма жана күчөтмө даражаларын, иреттик сан атоочторду жана атоочтуктарды колдонгула*". Кийинки сабакта окутуучу өз алдынча түзүлгөн текстерди текшерет, каталарды студенттер менен чогуу жоёт.

Сабактын аягында жыйынтык чыгарылат. Окутуучу студенттердин кайсы теманын тегерегинде сүйлөшүүгө үйрөнүшкөндүгүн, кандай билимдер, көндүмдөр жана билгичтиктер пайда болгондугун белгилеп, студенттердин сабакка болгон даярдыгы жана катышуу деңгээли, жигердүүлүгү тууралуу кыскача айтып, аларга баа коюп чыгат. Ал, колдон келишинче, начар же орто окуган студенттердин ар бир ийгилигин баса белгилеп, көңүлүн көтөрүп, ушундай жол менен жагымдуу психологиялык атмосфера түзүп, алардын окууга болгон кызыгуусун арттырат.

Жогорку окуу жайларында башка улут студенттери үчүн колдонулуп жүргөн окуу китептеринде [Өмүралиева 1993; Жусаев 2002; Тургамбаева 2004] коммуникативдик багытта окутуунун айрым гана ыкмалары колдонулгандыктан, окутуу процессин белгиленген багытта жүргүзүү – али алдыдагы иш.

Колдонулган адабияттар

1. *Биялиев К.А.* Кыргыз тили: Жогорку окуу жайларындагы башка улуттардын студенттери үчүн окуу китеби. – Бишкек: КРСУ, 2002. – 272 б.
2. *Жапаров Н.Р.* Мамлекеттик тил – Государственный язык: Ч. 1: первый уровень. – Бишкек, 2005. – 308 с.
3. *Жусаев Ж., Каныбекова А., Карабекова А.* Кыргыз тили: Учеб. для русск. групп вузов страны и самостоятельно изучающих гос. язык Кырг. Респ. – Бишкек: Шам, 2002. – 320 с.
4. *Өмүралиева С., Кундузакова С.А.* Изучаем кыргызский язык. Учебное пособие для начинающих. Ч. 1. – Бишкек: Алтынай, 1993. – 116 с.
5. *Өмүралиева С., Кундузакова С.А.* Изучаем кыргызский язык. Учебное пособие для начинающих. Ч. 2. – Бишкек: Алтынай, 1993. – 108 с.
6. Сборник государственных образовательных стандартов высшего профессионального образования. Ч. 2. / Сост. Ф.И. Рыскулуева. – Бишкек, 2004. – 388 с.
7. *Тургамбаева А.С., Усекова А.А.* Кыргыз тили: Жогорку окуу жайларындагы баштоочу топтордун студенттери үчүн окуу китеби. – Бишкек: Учкун, 2004. – 264 б.
8. *Щукин А.Н.* Методика преподавания русского языка как иностранного: Учеб. пособие для вузов. – М.: Высшая школа, 2003. – 334 с.